# Хамелеон кружка



Автор: Үмүтай Шүкүрбай кызы

Сүрөтчү: Бакай Сыдыков

# Хамелеон кружка

Автор: Үмүтай Шүкүрбай кызы
Сүрөтчү: Бакай Сыдыков

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Хамелеон кружка" (кыргыз тилинде), автор Үмүтай Шүкүрбай кызы, сүрөтчү Бакай Сыдыков

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Аскардын жүрөгү дүкүлдөп, толкунданып жатты.

– Ким? Ким болду экен? – деп сахнадан көзүн албай карап турду. Мектептин директору "Кичинекей ойлоп табуучу" конкурсун жыйынтыктап, экинчи, үчүнчү орунду алган жеңүүчүлөрдү куттуктады. Кезек биринчи орунга жеткенде Аскардын эми чындап чыдамы кетти. Ал биринчи орунду ким ээлегенин батыраак угууга шашты.

– Бекмуратов Сыргак сыйланат! – деди мектеп директору.

Аскар өзү жасаган үч дөңгөлөктүү самокаты бир да орун ээлебей калганына ыза боло түштү. Кетүүгө камданып жатканда күтүлбөгөн жерден аны сахнага чакырып калышты. Катуу толкунданып, эмнеге экенин түшүнгөн жок.


Мактоо баракчасы

Көрсө, Аскар баш байгени алган тура! Баары шатырата кол чаап жиберишти. Директор куттуктап, “Мактоо баракчасы” жана жалтыракка оролгон кичинекей кутучаны тапшырды.

Кандай жакшы! Аскар батыраак ата-энесине сыйлыгын көрсөтүп, мактангысы келди. Кичинекей кутучанын ичинде эмне бар болду экен? Класcташтары менен кабинетке келер замат кутучаны чогуу ачышты.

– Ой! Бул кадимки эле кружка го? – деди классташы Жазгүл.

– Ооба, жөнөкөй эле кружка экен, – деди Аскар бир өңчөй капкара, эч кандай коозделгон сүрөтү жок кружканы партанын үстүнө коюп.


МАКТОО БАРАКЧАСЫ

Аскар жана анын классташтары сыйлыкка абдан таң калышты. Чынында, алар кутучанын ичинде өзгөчө бир белек бар деп ойлошкон.

Аскар ата-энеси кечинде жумуштан келгенде, конкурстан баш байге алганын айтып, "Мактоо баракчасын" көрсөттү.

– Кружка байгеси да бар! – деди карындашы Айкөл мактанып.

– Жөнөкөй эле кружка, – деп койду Аскар көңүлсүз.

– Балам, жөнөкөй сыйлык болбойт. Берилген белектин баары өзгөчө, баалуу. Анткени, ал сага атайын арналып берилген. Кел, андан көрө торт менен байге кружкаңдан ысык чай ич, – деди апасы баласынын башын сылай.



Дасторкон жайылып, байге кружкага ысык чай куюлду.

– Ай-и-и-ий! Караңызчы, байке, кружка ак түскө айланып баратат! Сүрөтү да бар экен! – деди Айкөл. Кружканын бетинде "Аскар – кичинекей ойлоп табуучу" деген жазуу менен кошо самокаттын сүрөтү чыга келди.

– Чын эле, сүрөт кайдан пайда болду? Апа, туура айтасыз, жөнөкөй белек болбойт тура! – деди Аскар.

Бул кубулушка карындашы экөө таң калып калышты.

Көңүлдүү отуруп чай ичишти. Чай ичип бүткөндөн кийин кружка кайрадан өзүнүн абалына келди.

– Сыйкырдуу турбайбы! – деди Аскар кружканын өңү өзгөрүлүп калганын көрүп.



Эртеси Аскар кружкасын мектепке ала келди. Кружканын сыйкырын көрсөтүү үчүн мектеп ашканасына киришти. Кружкага ысык чай куйдуруп алышты. Кубулушка балдар абдан таң калышты. Эми классташтар кружканын өңүнүн өзгөрүү себебин билүү үчүн чогуу изденип, маалыматтарды окуй башташты.

Мындай кружкалар заманбап технологиянын өнүгүшү менен ойлонуп табылып, термо же хамелеон кружка деп аталган. Анткени алар атайын 50-55°С ысык температурада түсүн өзгөртө алган суюк кристаллдардан турган боёктун жардамы менен жасалат. Бул термосезгич боёк ысык температурада өзүнүн кристаллдык структурасын өзгөртүп, кара түстөн тунук түскө айланат. Натыйжада, ысык чай куюлганда, боёктун астында катылган сүрөт чыга келет, – деп Аскар интернеттен таап окуп берди.

– Абдан кызык экен! – дешти.



Алар мындай кружканы өздөрү жасап көргүлөрү келди. Аны үй шартында жасоо жөнүндө көптөгөн видеолорду да көрүштү.

– Ка-ап! Бизде мындай боёк жок да! – деди Эрмек.

– Эмне кылсак? Келгиле, балдар, андан көрө агайдан бул кружкаларды кайдан жасатканын сурап көрөлү. Ал жакка чогуу барып, өз колубуз менен хамелеон кружка жасайбыз, – деди Аскар.

Эртеси балдар “сыйкырдуу" кружкаларды жасаган студияга келишти.

– Ай-и-ий! Карагылачы! Кандай гана кооз!



Текчеде турган көп сандаган, түрдүү кружкаларды суктана карап турушту.

Мастер аларга хамелеон кружка жасоонун деколь жана сублимация аттуу эки жолу бар экенин айтып жана көрсөтүп берди.

– Деколь – бул кандайдыр бир сүрөттү керамика, пластика, фарфордон жасалган идиштин бетине даяр трафареттин жардамы менен 500º С ысыкта түшүрүү технологиясы. Силер көрүп турган ак кружкадагы сүрөттөр деколь технологиясынын жардамы менен жасалган.

Сублимация – бул заттын суюктукка айланбастан катуу абалдан газ абалына өтүүсүнө жардам берген өзгөчө, уникалдуу басып чыгаруу ыкмасы. Бул ыкма менен жасалган кружкалар толугу менен түсүн өзгөртө алгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Мисалы, булар дал ушул ыкма менен жасалган – деди мастер кара түстөгү термо-кружкаларды көрсөтүп.

– Демек, менин байге кружкам сублимация ыкмасы менен жасалган тура! – деди Аскар ойлонуп.

Балдар мастердин көрсөтүүсү менен хамелеон-кружка жасоого киришти. Алар кружканы кандай дизайн менен кооздоону, кимге белекке берүүнү да ойлонуп жатышты.

– Мен топтун сүрөтү менен футболист Азамат агама белек кылам!

– Мен апама гүлдүн сүрөтүн тартып берем, апам гүлдөрдү жакшы көрөт! – деп бардык окуучулар өз каалоолорун четтен айтып жатышты.

– Жакында класс жетекчибиздин туулган күнү эмеспи! Биринчи кружканы агайга белек кылалы, – деди Ырыскүл.

Алар кыялдарын ишке ашырууга киришишти.

Алгач керектелүүчү буюмдарды даярдап алышты:

– ак түстөгү кружка,

– түстүү маркер,

– термо боёгуч,

– фен



Бермет планеталардын сүрөтүн компьютерден таап алды.

– Кимде агайдын сүрөтү бар, – деди Бермет бир нерсени ойлогондой.

– Аны эмне кыласың? – балдар таң калышты.

– Агай, марсианин болот, Марстан чыгып келет! – деди кубанган Бермет.

Баары күлүп калышты.

Оо, мына, сүрөт да бар экен! Алар кечээ телефонго агайы менен сүрөткө түшүшпөдү беле! Мастер компьютердеги сүрөттү кружкага көчүрүп берди. Андан соң фендин жардамы менен тартылган сүрөттү кургатышты. Эң аягында термо боёгуч менен сүрөттү көрүнбөй турган кылып боёп коюшту. Демек, агайы ысык чай куюлган учурда Марстан чыга келет. Ошентип, балдардын өздөрү жасаган биринчи хамелеон-кружкасы даяр болду!

Балдар күткөн күн да келди! Бүгүн агайдын туулган күнү. Алар хамелеон кружкага ысык чай куюп, агайына сунушту.

Агай балдардын фантазиясына, оригиналдуу белегине өзгөчө ыраазы болду.

Агайга белек аябай жакканын көргөн балдар сүйүнүп калышты.

Эми балдар мастерден футболкага ар кандай жазууларды түшүрүүнү үйрөнүшөт.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН


Автор: Үмүтай Шүкүрбай кызы
Сүрөтчү: Бакай Сыдыков



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли